~~1343~~

Молдо Кылыч

Зар заман.

Молдо Кылычтын Зарзаманы

1-2-бет. Жан ойлобой бу капыр ⁰/1 2010 строк
Назарына албады.
Казак менен кыргызды
Калмыгдай кылыч кармады.
Солдат алды ногойдон
Муну кайдан жалгады
Бенде кылар иш эмес
Чочкону малдан айдады
Алла таала кудурет
Ушундай экен пармана
Капырлыгы эмеспи
Арамды майдан чайнады
Жети күндө бир болот
Жекшембиде майрамы
Айботы чоң капырдын
Ак балтасы кетмендей
Кара заңыз беш атар
Үйдөй ташты тешкендей.
Түрү башка түгөнгүр.
Тебетейи кертмендей
Акыл менен ат жекпей
Отарабага эл минди
Сонун экен амалы
Соолгунду ким билди.
Соко салып өгүзгө
Жердин чымын тилдирди.
Мындан ишти кылган соң
Казак менен кыргызды.

Ушул биринчи барагы айрылып жана
жазуулары өчүп калгандыктан, бир нече
сөздөрү которулбай калды.
Муратаалиев.

2010 строк (тол)

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 1343
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

Институт языка, литературы и истории
ОТДЕЛ РУКОПИСЕЙ
Инв. № 39
56 сбр. 17/12-91
Кир. ФАН СССР гор. Фрунзе

1-бет. Азаматтын Өзүнө 1-

Акыл кирсе ичине
Кичи бейил мүнөзүм.
Болуп турса кишиге.
Кимде болсо оттогу
Жаман айтпас бетине.
Кичи бейил жакынын
Разы болор сөзүнө.
Кунары жок баладын
Конок барбаз четине
Айтканымдын баяны
Жерге тийбез аягы.
Молдо жазар колунда
Болот калем, сыяны.
Таркабайды тирүүдө
Дүнүйөнүн кумары
Ол отузга келгенче
Бозбаланын убагы.
Алтымыш мене жетимиш
Аяшык . . . . . .
2-бет. . Айтабиреe таузулмаз
Акындардын жалогы.
Кошку болсоң жакшыга
Кубанарсың наркына
Ниетиңиз түз журсе
Кыргыз, казак халкына
Жүзүң жарык көрүнөр
Каламыктын барысына
Иштерсиз минзенде
Эти семиз жылкыга
Жалгыз ата жардыгын
Курук болсо рызына
Бүгүнкүнүн белгиси
Жакшы жерден урушу болуп
. . . . . чыкса кызына
Мен айтамын санатты.

2

. . . . . . . . Олого
2-бет Бул айтканым акылам
. . . . . . . . . адамдын
Кудай берер насибин
3-бет. Не тилесе бендени
Өзү билер жазыгын.
Кудай кандай болот деп.
Катарбагын ичтана.
Кудуретин ким билет.
Барды жоктон кылат.
Болбос ишти ойлобо.
Ойлосоңуз акыра
Кудуретин куандык.
Акыл менен болжобо.
Шек келтирбе сөзүнө
Битеп ачкан молдого.
Тура динден чыгасың.
Адам ата О-вого.
Шек келтирип койсоң.
Билбей туруп ойуудан.
Бузулган каапыр болосуң
. . . . . . . . . . .
Бу дүйнөнүн белгизи
Ай менен күн жылдызы.
4-бет. Жети асман кара жер.
Жаркыраган күндүзү.
Адам ата, Обо эне
Сонон каро, беркизи.
Өлүп келет канчалык
Нечен түмөн, миң киши.
Пайгамбарлар баары өлдү.
Падышалар, кан өлдү.
Нечен асыл бенделер.
Бу дүйнөдөн жаныдү
Тоо кылсоң өткөсөр
Тоодон болгон күнүңдү.

Ыйлабаңыз айтамын
Акыр заман болду энди
Илгеркини адамы
Көп жашаган өмүрдү.
Кудай билет эндиги
Узун өмүр кароору.
Жыл өлчө билгенге
Насип болбоз өлгөн.
5-бет. Чыгым кылсаң себеп жок
Чындап ажал келгеде.
Казылыгың жарабаз
Кадыр дөөлөт эргенге.
Молдо болсоң маани кыл
Кулагына киргенге.
Болдон келсе имарат
Коргон салсаң бир жерге.
Дини катуу бендени
Жаман деген бир жери
„Тайбейт" деген китепте
Кайыр закат бергени
Бай кубанар мүлкүнө
Бу жалганда көргөнү.
Бендечилик курусун
Кудай кылбас эркине.
Тагдыр жетсе амал жок.
Таянса да беркине
Дин мусулман балдары
Райым кылсын кудайым
6-бет. Эндигинин адамы
Турбай кетти шертине
Сүйлөп берем ыргалап.
Чыгар сөзүм бир далай
Жакшы менен жаманды
Аралаша ылгабай
Тыңдаганга сөзүм көп.
Таалим жугар жоргодон